**“Колдо болгон сертификаттардын алкагында электр-газ ширетүү иштери. Басым баскычтарын, фитинг топтоочуларын ширетүү, металл конструкцияларды монтаждоо” кызматтарды көрсөтүү/иштерди аткаруу боюнчаТехникалык Тапшырма**

| **№** | **Сатып алынуучу товарлардын, иштердин, кызматтардын талап параметрлери (сатып алуунун предмети)** | **Товарларга, иштерге, кызмат көрсөтүүлөргө карата өзгөчө талаптар** |
|---|---|---|
| 1 | Аталышы/түрү, саны/көлөмү, өлчөө бирдиги | Жеке ишкерлер (ЖИ) тарабынан көрсөтүлүүчү кызматтар “колдо болгон сертификаттардын алкагында электр-газ ширетүү иштери. Басым баскычтарын, фитинг топтоочуларын ширетүү, металл конструкцияларды монтаждоо”.<br>**Саны**: карьерди кургатуу жана суу чыгаруу кызматына карьерди кургатуу боюнча бардык жумуш көлөмүн аткаруу үчүн ЖИ менен кызмат көрсөтүү боюнча 2 (эки) жаңы келишим түзүү талап кылынат. |
| 2 | Жүктү жеткирүү, кызмат көрсөтүү/ишти аткаруу жери | Ысык-Көл облусу, Жеты-Огуз району, Кумтөр кен ишканасы. «Кумтөр» кени көп жылдык тоң муздун шарттарында деңиз деңгээлинен 4000 метрден ашык бийиктикте жайгашкан. |
| 3 | Товарларды жеткирүүнүн, кызмат көрсөтүүнүн, ишти аткаруунун мөөнөттөрү (мезгилдери) | Жыл бою.<br>Кен ишканасында кызмат көрсөтүү графиги:<br>• 11 сааттык нөөмөт (күнүнө 7 нөөмөт / түнкүсүн 7 нөөмөт).<br>• Вахталык жумуш шарттамы 14 күн / 14 күн. |
| 4 | Ишти аткаруунун тартиби (ырааттуулугу, этаптары) | • Ишти аткаруу көлөмү жана тартиби Буйрутмачы тарабынан аныкталат. Иштер карьердин суу чыгаруу жана кургатуу кызматынын жетекчиси тарабынан берилген тапшырмаларга ылайык аткарылат.<br>• Жабдуулар, материалдар жана шаймандар менен камсыздоо: кызматтар Буйрутмачынын материалдары, жабдуулары, техникасы, шаймандары жана башка мүлкү менен көрсөтүлөт, алардын сакталышы үчүн Аткаруучу жооп берет.<br>• Кумтөр кениндеги Аткаруучуну жеке коргонуу каражаттары (ЖКК) менен камсыздоо: иштерди аткаруу үчүн талап кылынган бардык ЖКК кызмат көрсөтүү мезгилинде Буйрутмачы тарабынан берилет.<br>• Кумтөр кениндеги Аткаруучунун жашоосу жана тамак-ашы: Бурутмачынын эсебинен камзысданат.<br>• Кызмат көрсөтүү жерине жеткирүү жана кайра алып келүү: Бурутмачынын эсебинен камзысданат.<br>• Бардык иштер өнөр жай коопсуздугу жана эмгекти коргоо талаптарына ылайык жүргүзүлүшү керек. |

| | | |
|---|---|---|
| | | <ul><li>Буйрутмачы тарабынан белгиленген ички тартипти, эрежелерди, талаптарды жана иш режими так сакталышы керек.</li></ul> |
| 5 | Берилген товарларга, аткарылган жумуштарга, көрсөтүлгөн кызмат көрсөтүүлөргө болгон талаптар | Жеке ишкерлерге коюлган талаптар:<ul><li>**Төмөнкү документтердин болушу:**<ul><li>Паспорт.</li><li>Кыргыз Республикасынын Электрондук документтер боюнча мамлекеттик комитетинин ишмердик коду 43.99.9 боюнча ЖИ каттоодон өткөрүү жөнүндө күбөлүк.</li><li>Соттолбогондугу тууралуу маалымкат.</li><li>Бийик тоолуу шарттарда иштөөгө жарамдуулугун тастыктаган медициналык кароодон өткөндүгү тууралуу маалымкат (төмөндө медкароонун формасына шилтеме берилет).</li><li>Банктын реквизиттери.</li><li>Резюме.</li><li>“В” категориясындагы айдоочулук күбөлүк.</li></ul></li><li>**Төмөнкү күбөлүктөрдүн болушу:**<ul><li>Стропальщик (жүк байлоочу).</li></ul></li><li>Бийик тоолуу шарттарда иштеген тажрыйбага артыкчылык берилет.</li><li>Кендерде жана карьерлерде агынды сууларды чыгаруу боюнча тажрыйбага артыкчылык берилет.</li><li>Чын ден соолук.</li><li>Ак ниеттүүлүк, жоопкерчилик, стресске туруштук.</li></ul> |
| 6 | Товарларды, кызматтарды жана иштердин жыйынтыктарын тапшыруу жана кабыл алуу тартиби | <ul><li>Кызмат көрсөтүүлөрдүн баасы 11 сааттык сменада 2965 (эки миң сегиз жүз беш) сомду түзөт.</li><li>Кызмат көрсөтүүлөр үчүн төлөм Аткаруучу Кызматтарды көрсөткөн күндөрдүн санына жараша жүргүзүлөт. Бул күндөр Тараптар тарабынан тастыкталган жана тиешелүү кызмат көрсөтүү актысында документтештирилген болушу керек.</li><li>Иш жүзүндө айына иш жүзүндө көрсөтүлгөн кызмат көрсөтүүлөрдүн наркы төмөнкү формула менен аныкталат: көрсөтүлгөн кызмат көрсөтүүлөрдүн суткасына X көрсөтүлгөн кызмат көрсөтүүлөрдүн күндөрүнүн саны.</li><li>Буйрутмачы Кызмат көрсөтүү актысына Тараптар кол койгондон кийин 10 (он) банктык күнүнүн ичинде Аткаруучуга Кызматтардын Баасын төлөйт. Төлөм жалпы шарттарда көрсөтүлгөн тартипте жүргүзүлөт. Кызматтардын Баасына бардык салыктар жана жыйымдар, ошондой эле Кызмат көрсөтүүгө байланыштуу Аткаруучунун бардык башка чыгымдары кирет. Аткаруучу ушул Келишимден келип чыккан бардык салыктарды жана жыйымдарды, ошондой эле</li></ul> |

| | | |
|---|---|---|
| | | колдонулуучу салык мыйзамдары менен белгиленген милдеттерди өз алдынча төлөөгө милдеттүү. |
| 7 | Иштерди бүткөндөн жана тапшыргандан кийин Буйрутмачыга техникалык жана башка документтерди өткөрүп берүүгө талаптар | • Кызмат көрсөтүү актысы.<br>• Жеке ишкер үчүн бирдиктүү салык төлөөнгөндүгүн тастыктаган документ.<br>• Жеке ишкер үчүн социалдык камсыздандыруу төгүмдөрү төлөнгөндүгүн тастыктаган документ |
| 8 | Кепилдик милдеттенмелери | Берүүчү Кыргыз Республикасынын мыйзамдарына ылайык көрсөтүлгөн кызматтардын сапатына жоопкерчилик тартат. |